**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2013-жылдан тарта 2016-жылга чейин кабыл алган чечимдерди мамлекеттик бийлик органдары тарабынан аткарылуу жыйынтыктары боюнча конституциялык мыйзамдуулуктун абалы тууралуу**

**МААЛЫМАТ**

Конституциялык палата түзүлгөн учурдан тартып (2013-ж) башкы конституциялык принцип катары Баш Мыйзамдын 6-беренесинде бекитилген негиздөөчү демократия принциптерин бекемдөө жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үстөмдүгүн бекитүү максатында конституциялык адилет сотту жүзөгө ашыруу боюнча өз ишмерлигин жүргүзүп келет.

Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет деп Конституция көрсөтмө кылат. Алар тике колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт (*16-берене*). Баш Мыйзам ар кимге Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде каралган анын укуктары менен эркиндигин соттук коргоого кепилдик берет (*40-берене*).

Конституциялык палата конституциялык жоболордон келип чыгып, Конституция берген ыйгарым укуктар алкагында иштеп, өлкөдө адам башкы баалуулук болуп саналуучу укуктук, демократиялык мамлекеттин калыптанышына көмөктөшүп умтулууда, ал эми адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыздоо мамлекеттик камкорчулуктун негизги предмети болуп калууга тийиш.

Ошону менен бирге, мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнүн маанилүү багыттарынын бири адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыздоо болору, ал эми алардын туш тарабынан сактоо жана коргоо коомдо жана мамлекетте конституциялык мыйзамдуулуктун жана конституциялык укук тартибинин абалынын маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири экени эске алынууда.

2013-2016-жылдары конституциялык адилет сотту жүзөгө ашыруу боюнча маалыматтардын анализине караганда, конституциялык сот өндүрүшүн козгогон кайрылуулардын негизги субъектилери – бул Кыргыз Республикасынын жарандары, алар конституциялык контролдоо органдарына бузулган конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин ордун тургузууга кайрылууга мажбур болушат деп көрсөтүлөт. Бул жагдай

жарандардын укуктарын коргоодо негизги ролго ээ болот, анткени жаран гана анын конституциялык укуктарынын бузулуусуна ыкчам көрсөтө алат, анткени ал гана бузулган укугун калыбына келтирүүгө жана жүзөгө ашырууга кызыкдар (ниет кылган) тарап. Ошон үчүн тажрыйба көрсөткөндөй, дээрлик бардык чечимдер жарандардын өздөрүнүн кайрылууларынын негизинде болгон.

Аталган мезгил ичинде Конституциялык палата 65 чечим жана 1 корутунду кабыл алган, алардын ичинен:

- Конституцияга карама-каршы келбейт деп ченемдик укуктук актыларды таануу жөнүндө 49 чечим, анын ичинен 15 чечимде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине талашылган ченемдердин конституциялуулугун текшерүүнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор катары киргизилүүсү табылып, тапшырылган;

- Конституцияга карама-каршы келген же жарым-жартылай карама-каршы келип талашылган ченемдик укуктук актылар жөнүндө 16 чечим кабыл алынган, 13ндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тапшырмасы бар.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болуп саналган ченем чыгаруу органдарынын берген маалыматынын анализине караганда, 2016-жылдын 31-декабрынын абалына карата Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдеринен келип чыккан 28 тапшырманын ичинен – 19у аткарылды, дагы 9 чечим аткарыла элек, алар:

1) 2013-жылдын 26-ноябрындагы чечимде Конституциялдык палата Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугуна баа берди.

Талашылган ченемдик жобого ылайык Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кызмат ордуна шайлануучу, бекитилүүчү же дайындалуучу жетекчи кызматкерлерди иштен бошотуу, иштен бошотуунун күнүн жана себептерин, аныктамаларын өзгөртүү, башка ишке которуу, ишке аргасыз чыкпагандыктын ордун толтурууга же аз акы төлөнүүчү ишти аткаруу жана тартиптик жаза берүү үчүн акы төлөөлөр боюнча эмгек талаш-тартыштар соттук эмес тартипте чечилет. Ушул берене көрсөтүлгөн кызмат адамдарынын кабыл алынган мындай чечимдери даттанууга жатпайт деп белгилейт.

Конституциялык палата өз чечиминде, эгерде саясий кызмат ордун ээлеген адамды кызмат ордунан бошотуу жөнүндө чечим Конституцияда

каралган негиздерде жана тартипте кабыл алынса жана саясий мотивдер менен негизделсе, анда мындай чечимдерге карата даттануу жана ал даттануунун жалпы юрисдикциянын соттору тарабынан Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын көз карашынан кароого мүмкүн эмес болуп саналат. Тактап келсек, Конституция тарабынан белгиленген сот өндүрүүлөрүнүн түрлөрүн, мурун ээлеп турган саясий кызмат ордуна калыбына келтирүү жөнүндө доо арыздары жалпы юрисдикциянын соттору тарабынан өндүрүшкө кабыл алынбайт жана каралбайт. Мындай доо арыздарын кароо Президенттин, Жогорку Кеңештин, Премьер-министрдин жеке актыларын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсүнө карата текшерилишин божомолдойт, бул жалпы юрисдикциядагы соттордун компетенциясын аныктоочу Конституциянын ченемдерине карама-каршы келет. Кызмат адамдарын кызмат ордунан жылдыруу жана бошотуунун конституциялык жол-жобосун сактоо, эреже катары, конституциялык юстициянын органдары тарабынан каралып жаткан жогорку мамлекеттик органдардын компетенциясы жөнүндө талаш-тартыштардын алкагында соттук конституциялык контролдун предмети болууга тийиш.

Ошону менен бирге, мыйзам чыгаруу органы бийликтин жогорку органдарынын компетенцияларын конституциялык чектөөлөргө ылайык, мамлекеттик саясий кызмат чөйрөсүн Президенттин ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салууга жол берилбегендигин көңүлгө алууга тийиш жана мыйзамда саясий жүйөлөрү боюнча жүзөгө ашырылуучу саясий кызмат ордунан бошотуу, саясий кызмат орундарына гана карата мүмкүн экендигин көрсөтүү керек деп белгилеген. Саясий кызмат орундарын аныктоо критерийлерин иштеп чыгууда, саясий кызмат ордуна шайлоо, бекитүү жана дайындоо, ошондой эле андан бошотуу тартиби, түздөн-түз түрдө Конституция тарабынан белгиленет, ошондой эле мындай кызмат орундарын ээлеп турган адамдардын мамлекеттик саясатты түзүү жана ишке ашыруу маселелерине карата тикелей тиешеси бар экендигин көңүлгө алуу керек.

Белгилей кетүү керек, Президенттин 2013-жылдын 26-июнундагы ПЖ №145 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик кызмат орундарынын реестри мамлекеттик саясий кызмат орундарынын негизделбеген кеңири тизмегин камтыйт. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, мамлекеттик саясий кызматтын статустук өзгөчөлүгүн аныктоочу негизги критерийи болуп, аларды орун алмаштыруунун жана бошотуунун өзгөчө конституциялык тартиби, ошондой эле алардын саясий-аныктоочу мүнөзү чыгышы керек. Ошон үчүн Конституциялык палата саясий кызматтардын тизмегин негизсиз кеңейтүүдө, саясатташтыруу, мамлекеттик аппараттын

туруксуздугу жана кесипкөйлүксүз, саясий жоопкерчиликтин чараларын колдонууда кыянаттык менен пайдалануу сыяктуу терс көрүнүштөрдөн качууга болбойт деп белгилеген.

Конституциялык палата мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген башка жетектөөчү кызматкерлерге карата, атап айтканда, кызматтан бошотуу мыйзамдарда аныкталган тартипте Премьер-министрдин тескемеси менен жүзөгө ашырылууда, административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлегендерге карата, алардын кызматынан бошотуу, бошотуу күнүн жана себептерин аныктамасын өзгөртүү, башка ишке которуу, аргасыз ишке чыкпагандыгы же аз акы төлөнүүчү ишти аткарган жана тартиптик жаза берилген мезгил үчүн акы төлөө маселелери боюнча кабыл алынган чечимдерди соттук даттанууга карата укуктарын чектөөлөрдү киргизүүгө жол берилбейт деп белгилеген. Жетектөөчү кызматкерлердин бул категориясын бошотуу мыйзамдарда аныкталган негиздемелер боюнча гана мүмкүн болот. Конституциялык палата, ушуга окшош принцип, Премьер-министр тарабынан жүзөгө ашырылуучу кызмат ордуна дайындоо, бекитүү (бошотуу) кызмат орундарынын номенклатурасына кире турган башка жетектөөчү кызматкерлерге карата колдонулат деп көрсөткөн.

Баяндалгандын өзөгүн эске алып, Конституциялык палата Эмгек кодексинин 427-беренеси Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан дайындалуучу саясий кызматтарды ээлеген адамдарга карата Конституцияга ылайык экендигин таанып, ал эми административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлеп турган адамдарга жана башка административдик кызмат орундарына карата көрсөтүлгөн берене конституциялуу эмес экенин белгилеген. Ушундан улам, Конституциялык палата Конституциянын талаптарына ылайык мамлекеттик кызмат орундарын саясий кызмат орундарына шайкеш келтирүү маселесин жөнгө салууну, ошондой эле саясий мамлекеттик кызмат кылуу тартибин жана саясий кызмат орундарын ээлеген адамдардын мамлекеттик-укуктук статусун аныктоону мыйзам чыгаруучуга тапшырган.

2) 2014-жылдын 5-мартында Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнө баа берип, талашылып жаткан ченемдин Кырыгз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1, 2 бөлүктөрүнө, 16-беренесинин 1, 2 , 3-бөлүктөрүнө, 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пукнтуна жана 40-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылган.

Бирок, Конституциялык палата өз чечиминде соттук коргонууга укук ал кесиптик ишмерлигине карабастан ар кимдин укугу, ошондуктан судьяны ээлеген кызматынан мөөнөнтүнөн мурда бошотуу жөнүндө Судьялар Кеңешинин чечими судьянын тиешелүү чечимге даттануу укугун чектебеши керек. Демек, тартиптик таасир этүүнүн акыркы чарасы катары судьяны мөөнөтүнө мурда бошотуу жөнүндө Судьялар Кеңешинин чечиминин объективдүүлүгүн жана калыстыгын текшерүү жагында юридикалык мүмкүнчүлүк болуу керек. Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата мыйзам чыгаруучу органга Судьялар кеңеши тиешелүү чечим чыгарганга чейин жана аны Кыргыз Республикасынын Президенти бекиткенге чейинки аралыкта Судьялар кеңешинин чечимине даттанууга судьяга мүмкүнчүлүк берген укуктук каражатты иштеп чыгуу зарылдыгы жөнүндө тапшырма берилген.

3) 2014-жылдын 11-июлунда Конституциялык палата «United Cement Group PLC» компаниясынын, «Эмгек Курулуш», «Ташкөмүр», «Пансионат «Витязь» «О.К.К.В.» жоопкерчилиги чектелген коомдорунун жана жарандар С.Л. Калимова, Б.А. Байгобылов, В.В. Баевдин жана башкалардын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 3-ноябрындагы №146 «Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү, 8 дареги боюнча жайгашкан жер участогунун жана турак эмес жайларды улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 3-июнундагы №60 «Ташкөмүр» жоопкерчилиги чектелген коомун улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 12- августундагы №121 «Кант цемент заводу» ачык акционердик коомунун акцияларынын 13,21% улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 20-майындагы №48 «Пансионаты Витязь» жоопкерчилиги чектелген коомунун жер участогун жана объекттерин улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 19-июлундагы №99 «Аврора Грин» ден соолукту чыңдоочу-туристтик комплекстин объекттерин улутташтыруу жөнүндө» Декреттеринин, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 28-сентябрындагы №130 «Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн айрым декреттерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Декретинин 4-пункту, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн башка Декреттери конституциялык же башка ар кандай түрдөгү сот өндүрүшүнүнө алкагында соттук териштирүүнүн предмети болушу мүмкүн эмес деп чечим чыгарган. Конституциялык палата өзүнүн тыянактарын талашылып жаткан Декреттер бекитилген ченем жаратуучу процедуралардан тышкары кабыл алынган, ченемдик укуктук актылардын формалдуу белгилерине ээ болгон эмес жана Конституциялык палатанын колундагы ыридикалык ыкмалар менен

иликтенип дагы, чечилиши дагы мүмкүн эмес. Төтөн, ушул себептен Декреттер кароонун жана жалпы юрисдикциядагы соттордун предмети болушу мүмкүн эмес деп Конституциялык палата белгилеген.

Бирок, Конституциялык палата талашылып жаткан Декреттерде камтылган маселелерди дыкат иликтөө жана кызыкдар субъектилердин адилет сотко болгон укукка жетишүүсүн камсыздоо максатында мамлекеттик бийлик органдары тийиштүү чараларды кабыл алуусу, колдонуудагы укуктук талаа алкагында талаш маселелерди чечүү механизмин иштеп чыгуусу зарыл деп көрсөткөн.

Бул жагдайдын мазмундук мааниси зарыл болгон шарттарды түзүүдө чагылдырылат, ар кандай менчик формасынын субъектиси мүлкүнө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө боюнча ыйгырым укуктарын өзү билип ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү болот, ошондой эле зарыл болгон учурда коргоонун натыйжалуу каражаттарын да жетишүүгө мүмкүнчүлүгү болот. Ушул себептен Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Декреттери боюнча талаш мамилелерди чечүүнүн акылга сыяр мөөнөттө жана мыйзамдуу менчик ээлеринин мүлктүк укуктарын калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу укуктук механизмдерди түзүүнү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө тапшырган.

4) 2014-жылдын 4-сентябрында Конституциялык палата учеттук каттоосу жок диниий уюмдардын ишмерлигине жана иштешине тыюу салуу жөнүндө; эрезеге жеткен жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын 200дөн кем эмес жарандарынын демилгеси менен диний уюмду түзүү жөнүндө “Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” мыйзамдын 2, 3-бөлүктөрү Конституцияга карама-каршы келбейт, ал эми ушул Мыйзамдын “жергиликтүү кеңештер менен макулдашылган...” деген 10-бөлүгүнүн 2-бөлүгүнүн 3-абзацынын ченеми Конституцияга карама-каршы келет деп чечим чыгарган.

Өз чечимин Конституциялык палата кийинкидей тыянактар менен негиздеген.

Диний уюм коммерциялык эмес уюмдардын бир түрү жана коомдун социалдык түзүмүнүн бөлүмчөсү болуп саналат. Ушуга байланыштуу, акыркы жылдар ичинде диний уюмдар коомдун активдүү элементтеринин бири болуп калган, мыйзам чыгаруучу да диний уюмдарды эсептик каттоо боюнча талаптарды бекиткен. Бул талаптар дини тутуу боюнча чектөө катары каралышы мүмкүн эмес, анткени, дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу органдын диний уюмду эсепке алуусу уюмдун декларация кылган баалуулуктарга карата ишмерлигин аныктап билсе болот жана диний уюмдун

функцияларынын жана аракеттеринин коомдук коопсуздугун баалай билсе болот.

Ошону менен бирге, Конституциялык палата “жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамдын 16-беренесинде бекитилген жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктоо принциптерине таянып, “Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” мыйзамга ылайык диний уюмду түзүүнүн демилгечилер тизмесин макулдашуу, эгер эсептик каттоо функциясы дин иштери боюнча мамлекеттик органга жүктөлгөн болсо, анда ал маселелер жергиликтүү маанидеги маселелердин катарына кириши мүмкүн эмес деп белгилеген.

Төтөн, талашылып жаткан Мыйзам жергиликтүү кеңеш менен макулдашуу учурунда демилгечилердин жарандардын тизмесинин кайсы критерийин макулдашууну сактабаган үчүн баш тартууга алып келүүчү критерийлерди аныктабайт. Макулдашуунун тартиби, мөөнөттөрү, критерийлери маселелеринде мындай укуктук күмөндүүлүк арызданууучу талашып жаткан ченемдин жергиликтүү кеңештер тарабынан ар кандай түшүнүүгө жана колдонууга алып келүүдө. Жергиликтүү кеңеш тарабынан диний уюмду түзүү үчүн демилгечилер тизмесин макулдашуу учурунда мыйзамда бекитилген баш тартуу процедуралардын болбогондугу кайрылуучуларды өзүнүн укуктарын соттук тартипте коргоодон ажыратууда. Бул, өз кезегинде, Конституциянын 35-беренесинде бекитилген биригүү эркиндигине болгон укукту бузууга алып келүүдө.

Баяндалгандын негизинде, жергиликтүү маанидеги маселелердин чечилишине тигил же бул деңгээлде таасир этүүгө мүмкүн болгон диний уюмдардын ишмерлигинин активдүүлүгүн эске алып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тиешелүү аймагында диний уюмдар өзүнүн ишмерлигин жүргүзүү ниети жөнүндө маалымдоо милдетин мыйзамда караштырууну мыйзам чыгаруучуга тапшырылган.

5) 2015-жылдын 14-сентбярындагы чечими менен Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 2-бөлүгүнүн 2-пунктунун, 3-беренесинин 3-абзацынын, 4-беренесинин 1, 2-пункттарынын, 5-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн, 6-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнүн, 7-беренесинин конституциялуулугуна баа берген жана талашылган жоболорду Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныган.

Конституциялык палата өзүнүн тыянактарын жеке турмуштун кол тийбестигине мүмкүн болуучу мамлекеттин кийлигишүүсү коргоо кепилдиги, анын ичинде соттук коргоо милдеттүү болуу менен бирге

мыйзамдын негизинде гана жана улуттук коопсздукту жана коомдук тартипти, саламаттыкты сактоо жана калктын адебин, башка жактардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында жол берилет деп жүйөлөштүргөн. Ошон үчүн Конституциялык палата адамдын макулдугусуз анын жеке турмушу жөнүндө маалымат топтоого, сактоого же жайылтууга мыйзамдардын мүмкүн болгон кийлигишүүсү Конституцияда белгиленген конституциялык маанилүү максаттарга ылайык келүү керек деп белгилеген. Өз кезегинде, биометрикалык маалыматтарды топтоону, сактоону, пайдаланууну жана жайылтууну караган жарандардын биометрикалык каттоосу сыяктуу мындай механизмди киргизүү көрсөтүлгөн конституциялык максаттарга өлчөмдөш болушу керек эле.

Конституциялык палата шайлоолордун социалдык-саясий маанилүүлүгүн эске алып мамлекет өткөрүлүп жаткан шайлоолордун ачыктыгын, акыйкаттуулугун жана калыстыгын камсыздаоочу ар кандай каражаттарды иштеп чыгууга жана пайдаланууга укуктуу, мында андай каражаттардын бири шайлоочулардын актуалдашкан тизмесин түзүүдө жаңы технологияларды колдонуу болушу мүмкүн деп көрсөткөн.

Жогоруда баяндалганга карай, Конституциялык палата жарандарды өз убагында каттоо жана идентификациялык документтерди берүү, ошондой эле адилеттүү, эркин жана айкын шайлоолорду камсыз кылууга жарамдуу шайлоо процессинин ажыратылгыс бир бөлүгү катары шайлоочулардын актуалдашкан тизмесин түзүү максатында жарандардын биометрикалык каттоосу мамлекеттин улук коопсуздугун коргоону камсыз кылуунун алкагында жеке турмушка укукту чектөө өлчөмдөш болуп саналат деп чечкен.

Ошону менен бирге, Конституциялык палата Конституцияда кепилденген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектөөдө талашылып жаткан ченемдеги (Мыйзамдын 2-беренесинин 2-бөлүгү) башка милдеттер анын мамлекеттик жана социалдык маанилүүлүгүнө карабастан жол берилгис жалпылаштырылган мүнөздө экендигин белгилеген. Көрсөтүлгөн милдеттер, маңызы боюнча, талашылып жаткан Мыйзамдын максаттары болуп саналат, ага жетишүү үчүн биометрикалык маалыматтарды пайдалануу менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын актуалдашкан маалыматтар базасын түзүү болжолдонууда. Ушуга байланыштуу, Конституциялык палат бул талашылып жаткан Мыйзамдын так жана айкын максаттарын, ошондой эле аларга жетишүү механизмедерин аныктоочу «Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык каттоосу жөнүндө» мыйзамга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы жөнүндө мыйзам чыгаруучуга тапшырма берген. Ошону

менен бирге, Конституциялык палата мыйзам чыгаруучуга Мыйзамдын ченемдеринде кош маанилүүлүктү жана бир өңчөй болбогон түшүнүүнү жокко чыгаруу үчүн мыйзам чыгаруу процессинде юридикалык теминологияны туура пайдалануу зарылдыгы жөнүндө көрсөткөн.

Конституциялык палата өз чечиминде биометрикалык маалыматтар жеке маалыматтардын өзгөчө сезимтал категориясы экенин, бул маалыматтарды мыйзамсыз пайдалануу үчүн андай маалымат субъектилерине коркунуч келтирип, алардын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына орчундуу зыян келтириши мүмкүн деп көңүл бурган. Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата биометрикалык маалыматтарды топтоо, сактоо, пайдалануу жана жайылтуу иши карамагында болгон ыйгарымдуу мамлекеттик орган маалыматтар баазсына санкциясыз жетишүүнү жокко чыгаруу үчүн «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө», «Маалыматташтыруу жөнүндө», «Кыргыз Республикасында мамлекеттик сырды сактоо жөнүндө» мыйзамдардын кыйшаюсуз аткарылышын камсыз кылуу керек деп белгилеген.

Конституциялык палата мыйзамда белгиленген учурларда гана адамдын макулдугусуз анын жеке турмушу тууралуу маалыматты, жашыруун маалыматты Конституциянын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык пайдаланууга жана жайылтууга учурларда гана жол берилет деп көрсөткөн. Башка ченемдик укуктук актылар менен мындай тартипти белгилөө мүмкүн эмес. Натыйжада, Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда субъектинин макулдугусуз биометрикалык маалыматтар жөнүндө маалыматты алууну белгилеген Мыйзамдын талашылган ченемдик жобосу (7-беренесинин 2-бөлүгү) “мыйзамдар” дегенде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын гана түшүнүү шарты менен Конституциянын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп белгилеген.

Ошон үчүн Конституциялык палата Мыйзамдын талашылган ченемдерин (6-беренесинин 3-бөлүгүн, 7-беренесинин 2-бөлүгүн) башкача түшүнүү жеке маалыматтарды коопсуздугун камсыздоонун конституциялык кепилдигинин, адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин бузулуусуна алып келиши мүмкүн деп белгилеген. Ушуга байланыштуу, ушул ченемдерди түшүнүүдө жана колдонууда кош маанилүүлүктү жокко чыгаруу максатында мыйзам чыгаруучуга «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» мыйзамга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү тапшырылган.

6) 2015-жылдын 27-ноябрындагы Чечими менен Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын жарандары шайлоо кампаниясы мезгилинде

талапкерлер тизмесин сунуштаган талапкерлер, саясий партиялар менен макулдашуу боюнча гана алардын шайлоо корлору аркылуу каржылоону талап кылган шайлоо алдындагы агитациясын жүргүзүүгө укугун белгилеген «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жоболорунун конституциялуулугуна баа берген. Талашылган ченемдик жобо конституциялык текшерүүнүн натыйжасы боюнча Конституцияга карама-каршы келбейт деп таанылган.

Көрсөтүлгөн ченемдин конституцияллулугун негиздеп жатып, Конституциялык палата талашылган ченемдик жобону мыйзам чыгаруучулук аркылуу жөнгө салуу шайлоо кампаниясы мезгилинде талапкерлер тизмесин сунуштаган талапкерлердин же саясий партиялардын шайлоо корлору аркылуу каржылоону талап кылган агитациялык ишмерликти иреттөөгө багытталган деп белгилеген. Бул агитациялык процесстин маңызы жана шайлоо системасы принциптерин бузулуусуна алып келүүчү ара кандай өз билемдик аракеттерди жоко чыгаруучу шайлоо алдындагы агитациялык кампаниянын бардык катышуучуларына жайылтылуучу бирдиктүү жүрүм-турум эрежелерин белгилөө зарылдыгы менен байланыштуу жана катталган талапкерлерге гана тиешелүү. Ошон үчүн, Конституциялык палата талашылган ченемдик жобо жарандардын жеке акча каражаттарынын эсебинен бардык талапкерлерге каршы багытталган шайлоо алдындагы агитацияны өткөрүүгө тыюу салууну камтыйт деген кайрылуу субъектинин жүйөлөрү арзыбайт деген тыянакка келген. Демек, бардык талапкерлерге каршы шайлоо алдындагы агитациянын жарандар тарабынан өткөрүлүүсү талашылган ченемдик жобонун укуктук жөнгө салуусу чегинен чыгып кетүүдө.

Бирок, мыйзам чыгаруучу алдын ала шайлоого укуктарды жүзөгө ашырууга байланыштуу жөнгө салуунун тигил же бул формаларын тандап жатып, шайлоонун объективдүү натыйжасына жетишүү жана дал ушул негизде коомдук бийликтин легитимдүү өкүлчүлүктүү органдарын калыптандыруу зарылдыгынан чыгуу деп Конституциялык палата көрсөткөн. Натыйжада, бардыгына каршы деген шайлоо алдындагы агитацияга байланыштуу укуктук мамилелер өзүнчө укуктук жөнгө салууну талап кылат, анткени ал шайлоо бюллетенинде “бардыгына каршы” деген графаны толтуруу жолу менен мыйзам чыгаруучу тааныган шайлоочулардын эркин билдирүүсү мүмкүнчүлүгүнүн туундусу болуп саналат.

Жогоруда баяндалганга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу органына ушул ченемдик жободон келип чыгуучу укуктук күмөндүүлүк маселесин жоюу тапшырылган.

7) Конституциялык палата 2016-жылдын 27-январындагы Чечими менен «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» мыйзамдын 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-абзацынын конституциялуулугуна баа берген, ага ылайык мамлекеттик бийликке каршы оор жана өтө оор кылмыш жасаган, жоюлган же жоюлбаганына карабастан кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу бар адам Кыргыз Республикасынын жараны аким боло албайт. Талашылган жобо Конституцияга карама-каршы эмес деп таанылган.

Көрсөтүлгөн ченемдин конституциялуулугун негиздөөдө, Конституциялык палата бирдей мүмкүнчүлүктөр принциби мамлекеттик кызматкерлердин профессионалдык ишмерлигин укуктук жөнгө салынышына өзгөча мамилени жокко чыгара албайт деп белгилеген. Мамлекеттик кызматкерлердин кызматтык мамилелерин укуктук жөнгө салууда мындай өзгөчөлүктөрдү белгилөө мамлекеттик кызматта профессионалдык ишмерликтин спецификалык мүнөзүн аткарып жаткан адамдардын бийик деңгээлин кармап туруу максатында мамлекеттик кызматтын милдеттери, уюштурулуу принциптери жана иштеши менен шартталган. Бул өзгөчөлүктөрдүн маңызы, алар эмгек ишмерлигинин башка жаттарына салыштырмалуу мамлекеттик кызмат орундарына өзгөчө талаптарды бекитишет, алар үчүн белгилүү түрдөгү чектөөлөрдү белгилешет.

Андан да, Конституциялык палата өзүнүн айрым чечимдеринде «мамлекет конституциялык түзүлүштүн негиздеринин туруктуулугу үчүн натыйжалуу укуктук механизмдерге дайым муктаж болот, алар коомдук бийликти кыянаттык менен пайдалануудан жана криминалдашуудан коргоп турушу керек. Тиешелүү укуктук механизмерди жаратууда мыйзам чыгаруучу коомдук кызмат орундарын ээлеген адамдардын репутациясына жогорку талаптарды белгилөөгө укуктуу. Мындай талаптар жарандарда алардын моралдык-этикалык жана адеп сапаттарында шектенүүлөр болбос үчүн, жарандарда коомдук бийликтин алып жүрүүчүлөрүндө, алардын аракеттеринин мыйзамдуулугунда жана тазалыгында шектенүүлөр болбос үчүн белгиленет. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу бийликтин криминалдашуусу улуттук коопсуздукка карата коркунуч экендигин карап, көрсөтүлгөн максаттарга жетишүү үчүн жарандардын мамлекеттик кызматка болгон укуктарына белгилүү чектөөлөрдүү пайдаланууга укуктуу». Ошон үчүн, Конституциялык палата кылмыш жасаган жарандардын райондун аймагында башкы мамлекеттик аким кызмат ордун ээлөөнү чектөө коомдук бийлик органдарынын социалдык колдоосунан жана легитимдүүлүгүнөн

жарып калууга каршы багытталган чара катары өзүн актайт деген тыянакка келген. Мындай чара укуктук демократиялдык мамлекеттин конституциялык жоопкерчилигин арттыруунун жана таасирдүүлүгүнүн, коомдук укук тартибин сактоону жана тиешелүү иштешин, бийликтин криминалдашуусун алдын алуунун конституциялык маанилүү максаттарын көздөйт.

Бирок, Конституциялык палата «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» мыйзамдын талашылган жобосу жарандын жасаган кылмышынын мүнөзү, коомдук кооптуулугу, оордугу, тарткан жазасы жана кылмыш жасалгандан кийин өткөн убактысы эске алынбастан кабыл алынганын белгилеген. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучуга кылмыштын мүнөзүн жана коомдук кооптуулуктун даражасын эске алуу менен анча чоң эмес жана оор эмес кылмыш жасаган адамдарга карата бул ченемди кайра карап чыгуу тапшырылган.

8) Конституциялык палата 2016-жылдын 17-февралында Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунун конституциялуулугуна баа берген, ага ылайык ишкерчилик менен алек болгон юридикалык жактар жана жарандар доонун эскирүү мөөнөтүн кандай гана жагдай болбосун калыбына келтире албайт болуучу. Ал мөөнөт аяктагандан кийин, жалпы мөөнөтү 3 жыл, сот жарандык мамилелердин субъектилеринин дал ушул категориясынан өткөрүлгөн мөөнөттүн жүйөлүүлүк себебин текшерүүгө кандайдыр бир мүмкүнчүлүк бербестен бузулган укуктарды коргоо жөнүндө талаптарды кароодон баш тартууга милдеттүү.

Конституциялык палата бул ченемдик орнотмо соттук коргоого укуктарды жүзөгө ашырууга тоскоол болуучу мыйзам чыгаруучулук чектөө болуп саналат деп белгилеген. Ошентип, Конституциялык палата укук колдонуучулук тажрыйбада кызыкдар тарап доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендигине, өзүнүн укуктары бузулгандыгы фактысы жөнүндө билбей жана билүүгө реалдуу мүмкүнчүлүгү болбогондугуна байланыштуу соттук коргоо механизминен пайдалана албай калган кырдаалдар пайда болгонуна көңүл бурган.

Ошону менен бирге, Конституциялык палатаКырыгз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунда каралган жарандык укуктук мамилелердин субъектилеринин ар кандай топторуна мыйзам чыгаруучуунун жасалган ар кандай мамилеси, бир бөлүгүнө доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүүгө укугунун жоктугу мыйзам жана сот алдында бардыгы тең деген конституциялык принципке карама-каршы келет жана жарандык мамилелердин бардык ак ниет катышуучуларын бирдей деңгээлде коргой албайт деп көрсөткөн.

Баядалганга карай, талашылган жобо Конституцияга карама-каршы келет деп таанылган. Андан тышкары, мыйзам чыгаруучуга Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктуна белгилүү жагдайлардын болгондугун эске алып доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүүгө укуктук мүмкүнчүлүктү субектилерге берген, жарандык мамилелердин башка катышуучулары менен бул бөлүктө укуктарын теңдеген тиешелүү өзгөртүүнү киргизүү тапшырылган.

9) Конституциялык палата 2016-жылдын 2-ноябрындагы Чечими менен «Уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү жөнүндө» мыйзамдын 15-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 21-беренесинин 3, 5, 7-бөлүктөрүнүн, 22-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-5-пункттарынын конституциялуулугуна баа берген. Талашылган ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп таанылган.

Көрсөтүлгөн ченемдин конституциялуулугун негиздеп, Конституциялык палата бул Мыйзам уюшкан кылмыштуулукка тиешеси бар адамдарга карата колдонулуучу чектөө мүнөзүндөгү чараларды карайт деп белгилеген. Бирок көрсөтүлгөн чаралар коомду жана анын мүчөлөрүн кооптуу кол салуулардан коргоо катары пайдаланылат жана жазык мыйзамында каралган жаза чарасы катары каралышы мүмкүн эмес. Айрым укуктарды жана эркиндиктерди мындай чектөөлөр адамдын же адамдардын тобуна кылмыш жасоого бөгөт коюуучу алдын алуучук даремети бар каражат болуп кызмат кылат. Ушуга байланыштуу, Мыйзамда каралган чектөө мүнөзүндөгү талашылып жаткан ченемдер мүмкүн болуп саналат жана Конституцияга карама-каршы келбейт.

Конституциялык палата, уюшкан кылмыштуулукка карыш күрөшүүдө мамлекеттик сырды камтыган материалдарды жарыялоо мамлекеттин кызыкчылыктарына орду толгус зыян келтириши мүмкүн. Ошон үчүн жашырындуулуктун тиешелүү грифи бар материалдарына процесстин катышуучуларын жетишүүсүн чектөө мүмкүн болуп саналат, анткени бул улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, башка жактардын укуктары менен эркиндикетрин, калктын адебин жана саламаттыгын камсыздоого багытталган.

Ошону менен бирге, Конституциялык палата мыйзам чыгаруучунун ыкчам алдын алуучулук эсепке алуу жөнүндө соттун чечимине даттануу мүмкүнчүлүгү мындай чечим чыгарылган адамга карата анын укуктарын камсыз кылууда кошумча кепилдик болуп санала тургандыгына көңүлүн бурган. Бирок, мыйзам чыгаруучу мындай категориялдагы материалдарды кароонун сот өндүрүшүнүн процесстик тартибин, ошондой эле ыкчам-алдын алуучутк эсепке алуу жөнүндө соттук актыга даттануу тартибин жана сот салган милдеттердин түрлөрүн колдонууну жөнгө салган эмес, муну

мыйзамдардагы кенемте катары кароо керек. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучулуга бул укуктук кенемтенин ордун толтууру тапшырылган.